# TALAS ТАЛАС

## SAVAŞI VE TARİHİ ÖNEMİ / САЛГЫЛАШУУСУ ЖАНА АНЫН ТАРЫХЫЙ МААНИСИ

751 2021

TALAS


**Editörler / Редакторлор**

Fahri Solak / Mairam Baigonusheva

Tynchtykbek Chorotegin / Moimol Cusupova



TDBB

# TALAS ТАЛАС

SAVAŞI VE TARİHİ ÖNEMİ САЛГЫЛАШУУСУ ЖАНА АНЫН ТАРЫХЫЙ МААНИСИ

**Editörler / Редакторлор**

Fahri Solak / Mairam Baigonusheva

Tynchtykbek Chorotegin / Moimol Cusupova

TDBB
TÜRK DÜNYASI BELEDİYELER BİRLİĞİ
UNION OF TURKISH WORLD MUNICIPALITIES
СОЮЗ МУНИЦИПАЛИТЕТОВ ТЮРКСКОГО МИРА

# TALAS ТАЛАС

## SAVAŞI VE TARİHİ ÖNEMİ САЛГЫЛАШУУСУ ЖАНА АНЫН ТАРЫХЫЙ МААНИСИ

Türk Dünyası Belediyeler Birliği (TDBB) Yayınları No: 34
Түрк дүйнөсү муниципалитеттер Биримдиги басылмалары № 34
ISBN: 978-605-2334-12-6

**Editörler / Редакторлор**
Fahri Solak / Mairam Baigonusheva
Tynchtykbek Chorotegin / Moimol Cusupova

**Tasarım /дизайн**
Murat Arslan

**Kapak Resmi /мукаба сүрөтү**
Mairamkul Asanaliyev

**Baskı /басмакана**
Seçil Ofset
Tel: (0212) 629 06 15

*İstanbul, 2022*

"Talas Savaşı ve Tarihi Önemi" kitabının tüm yayın hakları Türk Dünyası Belediyeler Birliği (TDBB)'ne aittir. Kaynak gösterilerek alıntı yapılabilir. İzinsiz çoğaltılamaz ve basılamaz.

"Талас согушу жана анын тарыхый мааниси" китебинин бардык басып чыгаруу укуктары түрк дүйнөсүнүн муниципалитеттер Союзуна таандык. Булак көрсөтүү менен шилтеме келтирсе болот. Уруксатсыз кайра чыгарууга жана жарыялоого болбойт.

Not: Makalelerin dil ve içerik yönünden sorumluluğu yazarlarına aittır.
Эскертүү: Макалалардын тили жана мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго таандык.

TDBB
TÜRK DÜNYASI BELEDİYELER BİRLİĞİ
UNION OF TURKISH WORLD MUNICIPALITIES
СОЮЗ МУНИЦИПАЛИТЕТОВ ТЮРКСКОГО МИРА

Merkez Efendi Mah. Merkez Efendi Konağı No: 29
Zeytinburnu 34015 İstanbul
Tel 0212 547 12 00

www.tdbb.org.tr

## İÇINDEKILER / МАЗМУНУ


**Takdim**
*Sadır Caparov (Kırgızistan Cumhurbaşkanı)* .................................................... 7
**Баш сөз**
Садыр Нургожоевич Жапаров (Кыргыз Республикасынын президенти) 9
**Önsöz**
*Editörler* ........................................................................................................ 11
**Кириш сөз**
*Жооптуу редакторлор* ...................................................................................... *13*

**TALAS VADİSİNİN TARİHİ ÖNEMİ VE ARKEOLOJİK ÇALIŞMALAR / ТАЛАС ӨРӨӨНҮНҮН ТАРЫХЫЙ МААНИСИ ЖАНА АРХЕОЛОГИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР**

Birinci ve İkinci Talas Savaşlarinin Dünya Tarihindeki Yeri
*Gülzura Cumakunova* ....................................................................................... *17*
Археологические изучение памятников Таласской долины
*Бакыт Аманбаева* ............................................................................................ *29*
Талас өрөөнүндөгү археологиялык эстеликтер жана коргоо-сактоо ишиндеги кайдыгерчиликтер
*Кубатбек Табалдиев* ........................................................................................ *37*
Заметки по хронологии тюрко-согдийских монет Семиречья
*Лурье Павел Борисович* .................................................................................. *51*
Талас өрөөнүндөгү тарыхый эстеликтердин азыркы мезгилдеги абалы жана аларды коргоодо элдик мураскерлердин кошкон салымы
*Асанкул Жунушалиев* ..................................................................................... *59*
Новые образцы средневековых каменных колонн из Таласской долины
*Кожа Мухтар Бакадырулы &Кобен Жетибаев & Маралбек Амантуров* ... *67*
Особенности архитектуры Центральной Азии раннеисламского времени
*Мавлюда Аббасова-Юсупова* ....................................................................... *75*
Таластын көөнө тарыхы
*Кушубек Качибеков* ........................................................................................ *87*
Арабское завоевание Центральной Азии
*Ярослав Пилипчук* ......................................................................................... *103*

**TALAS SAVAŞI / ТАЛАС САЛГЫЛАШУУСУ**

Атлах салгылашуусунун тарыхый орду: дин жаатындагы айрым ашыкча баа берүүлөргө сын көз караш
*Тынчтыкбек Чоротегин (Чороев)* ................................................................. *117*
The Atlah – Talas Battle (The 1270th Anniversary of The Battle)
*Alimgazy Dauletkhan* ...................................................................................... 131

VIII. Yüzyilda Türkistan'da Tarihe Yön Veren Talas Irmağı Savaşı
*Mustafa Ingenç* ........................................................................................ 147
Феномен Таласской битвы: историографический аспект
*Алтын Уалтаева* ........................................................................................ 173
Геосаясаттык Талас салгылашуусу жана анын кыргыз тарыхындагы орду
*Ташманбет Кененсариев & Моймол Жусупова* ........................................ 181
Историческое значение Таласской битвы
*Разгул Мырзаханова* ................................................................................. 191
Атлах салгылашуусу: саясий өбөлгөлөрү жана тарыхый мааниси
*Кульжамал Джаманкулова* ....................................................................... 197
Кыргыз тарыхы жана Атлах салгылашуусу
*Гулнора Анарбаева* .................................................................................. 205
Искусство введения войны при атлахской битве
*Алымбек Кушубеков* ................................................................................. 211
Талас согушу – маданияттардын тогошу
*Жеңишбек Дүйшеев* ................................................................................. 217
Атлах салгылашуусунун урунттуу учурлары
*Гүлжамал Токтогулова & Гульназ Анарбаева* ............................................ 223
Talas Savaşı ve Tarihi Önemi
*Akchal Atagulov* ........................................................................................ 227
Талас салгылашуусунун тарыхый-географиялык орду
*Арслан Жекшенбеков & Акчал Атагулов* .................................................. 233

**TALAS SAVAŞINDA ETNİK UNSURLAR / ТАЛАС САЛГЫЛАШУУСУНДАГЫ ЭТНИКАЛЫК ЭЛЕМЕНТТЕР**

К вопросу о карлукском компоненте в этногенезе кыргызов
*Рустам Абдуманапов* ................................................................................ 237
Орто кылымдагы аскер башчы, согуш тактикасы жана генетикалык байланыштар
*Темиркул Асанов* ...................................................................................... 243
Тюрки, мусульманский мир, китай сравнительный анализ геополитической мощи и военной силы
*Токтобек Рыскулов* ................................................................................... 253
Талас Салгылашуусундагы Карлуктардын Ролу
*Элнура Кулова & Теңдик Көкөев* ............................................................. 261
VI-IX к. башындагы Жети-Суу жана Тенир-Тоодогу этностук жүрүмдөрдүн баскычтары
*Замира Садырова* ..................................................................................... 265
Талас салгылашуусу учурундагы кыргыздардын аскердик өнөрү жана жоокерчилик милдеттери
*Мурат Кожобеков* ..................................................................................... 277

Талас салгылашуусундагы карлуктардын орду
*Айзирек Шайлооева & Гульнара Курумбаева* ............................................ 289

**TARİHİ KAYNAKLARDA TALAS SAVAŞI / ТАРЫХЫЙ БУЛАКТАРДА ТАЛАС САЛГЫЛАШУУСУ**

Талас (атлах) салгылашуусу түркиялык тарыхчылардын изилдөөлөрүндө чагылдырылышы
*Олжобай Каратаев & Кайрыкан Жаныбекова* ........................................... 295
Кытай жазма булагы «Таң Хуй Йаодагы» кыргыздарга байланыштуу жазылмалар жана алардын чечмелениши
*Жаркын Турсун Кызы* ........................................................................... 305
Талас (Атлах) салгылашуусунун тарыхый жазма булактарда чагылдырылышы
Жылдызкан Абдиева ........................................................................... *315*
Атлах салгылашуусунун интернет булактарында изилдениши
*Венера Анарбекова & Толкун Айталиева & Нуржамал Ташбаева* ........... 321

**TALAS SAVAŞININ DOĞURDUĞU SONUÇLAR / ТАЛАС САЛГЫЛАШУУСУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ**

Последствия одной ошибки в локализации города Атлах
*Александр Камышев* ........................................................................... 331
Таласстагы (751-Ж.) цивилизациялардын кагылышуусу, Борбордук Азия элдери үчүн тарыхтын багытын өзгөрткөн окуя катары
*Бактыкан Торогельдиева* ........................................................................... 335
Ислам дининин жайылышы жана тарбиялык баалуулуктары
*Айнура Усубалиева & Динара Бекмуратова* ............................................. 343
Türkistan'da Kılıç ile Son Verilen Çin Hegemonyasının Kalem ile Geri Dönüşü: Türk Cumhuriyetlerinde Konfüçyüs Enstitüleri
*Ahmet Akalın* ........................................................................................ 349
Орто Азияда диндердин кагылышы жана исламдын жеңиши
*Дастанбек Разак уулу* ........................................................................... 365
Таласская битва: исторический выбор цивилизации
*Арнабай Нуржанов* ........................................................................... 379
Türkiye'de "Talas" Yer Adları
*Abdırasul Isakov, Güldana Murzakulova ve Mirlanbek Nurmatov* .................... 387
Талас салгылашуусу жана Борбордук Азиядагы жаңы цивилизациялык бурулуш
*Касым Сыдыков* ........................................................................... 395

# АТЛАХ САЛГЫЛАШУУСУНУН ИНТЕРНЕТ БУЛАКТАРЫНДА ИЗИЛДЕНИШИ

Анарбекова В. Э.[*], Айталиева Т.[**], Ташбаева Н.[**]


## Annotation

### Researchers of The Battle of Atlas in Internet Sources

We decided to turn to the works of researchers of the Battle of Atlas in Internet sources. After all, on the Internet, covering the whole world, you can find all the materials within the reach of information technologies. When considering this issue, we will focus on the transparency of materials published in Internet sources at the Battle of Atlah. We will identify whether critical feedback from readers is received, the degree of reliability or, conversely, duplication of data in the work of researchers in it. Statistical comparisons were made, ratings (comments) received by readers of the article and feedback provided to it, followed by analysis of historical comparisons.


**Key words:** Internet sources, Battle of Atlah, Arabian, Chinese, Kyrgyz, Karakhanids, Talas river, readers

Атлах салгылашуусу – 751-жылдагы Тан династиясы жана Араб халифатынын аскерлеринин согуштук беттешүүсү. 748-жылы Тан династиясынын аскерлери Суяб шаарын жана Шашты (Ташкен оазиси) басып алган. Арабдар Таразды ээлешкен, бирок кытайлардын курчоосунда калган. Араб аскер башчысы Саил ибн Хумейд Абу-Муслимден жардам сураган. Ушундай эле сураныч менен Шаштын кытайлар тарабынан өлтүрүлгөн шаар башчысынын уулу да кайрылган. Абу-Муслим Таразга Зияд ибн Салихтин башчылыгы алдында аскерлерин жиберген. Алардын алдынан Суябдан Чао Сянджи башкарган жүз миңдей Тан аскерлери тосуп чыккан. Алар Талас суусуна жакын Атлах шаарынын жанында беттешкен. Бир нече күндүк кармашуудан кийин Тан аскерлеринин ооругунан (тыл) карлуктар, согуш майданынан – арабдар сокку берген. Тан аскерлери чоң жоготууларга учураган.

Араб тарыхчысы Ибн Ал-Асирдин маалыматы боюнча Атлахта кытайлардын 50 миңи өлтүрүлүп, 20 миңи туткунга алынган. Талкаланган аскерлердин калганы Талас дарыясын бойлой тоого качкан. Тут-


* Доц. м.а., т.и.к., Жалал-абад мамлекеттик университети, Жалал-Абад, Кыргызстан.

** Доц., ф.и.к., ТалМУ, Талас, Кыргызстан.

*** К.Ш.Токтомаматов ат. Эл аралык университети, Жалал-Абад, Кыргызстан.

кундардын көпчүлүгү Самаркан жана Иракка айдалган, деп берилет 2015-жылдын 11-июнундагы соңку жолу оңдолгон Wikipedia маалыматтарында. Ал эми бул маалыматтын берилүүсү тагыраак айтканда түп нускасы 2006-жылы жарыяланган[1].

Демек, бул тарыхый салгылашуу жергиликтүү калктардын арабдар тарабында согушкандыгынын гана күбөсү болбостон, Кытайдын толугу менен артка чегинишинин жана Азиянын Тан империясынан көз карандысыздыгын бекемдеген.

Ал эми белгилүү тарыхчы Ташманбет Кененсариевдин изилдөөлөрүндө Талас салгылашуусун төмөндөгүдөй таризде изилдеген. "Талас салгылашуусу жана анын мааниси" илимий макаласы 2011-жылдын 10-майында жарыяланып, 14600 окурманды өзүнө тарта алган. Анда: Араб халифатынын Орто Азиядагы саясий-экономикалык, өзгөчө диний таасиринин жылдан-жылга күч алып бара жатышы жана мусулман аскеринин ийгиликтүү чабуулдары Тан империясына (Кытай) геосаясаттык олуттуу коркунучту пайда кылган. Бай жана өнүккөн регион эсептелген Туранияның кайсыл бир бөлүгүн ээлеп алуу - Тан императорлорунун мурунтан келе жаткан максаты эле. Бул максатты ишке ашырууга 552-жылдан баштап түзүлгөн күчтүү Түрк каганаты, андан кийинки Чыгыш жана Батыш түрк каганаттары, Экинчи Чыгыш-Түрк (көк түрк) каганаты, Жети-Суудагы Төргөш каганаты жол беришкен эмес. VIII кылымдын ортосундагы Орто Азиядагы жана Жети-Суудагы эл аралык кырдаал, Төргөш кагандыгынын алсырап, карлук уруу бирикмеси менен атаандашып жатышы Тан империясынын алдына Түркстанга жортуул уюштурууга эң оңтойлуу кырдаал түзүп берген. Анын үстүнө Орто Азиянын басымдуу бөлүгүн ээлеген арабдар бул мезгилде Жети-Суунун чегине келип калган болучу. Бул кырдаалда Тан империясы, анын биринчи министри Ли-Линь-Фу корей элинин тукумунан чыккан Тань империясынын таланттуу генералы, Батыш аймактын (Западный край) башчысы (наместниги) Гао Сяньчжи баштаган чоң аскерди Жети-Сууга карай жортуулга аттандырды. Кытай армиясы көп тоскоолдуктарга учурабай 748-жылы Суябды талкалап, кийинки жылы Чачты (Ташкентти) ээлеп, анын башкаруучусу Мохэдуну туткундап, өлтүшкөн. Ал эми 751-жылы болсо Тан армиясынын айрым отряддары Талас өрөөнүнө чейин басып кирген. Тан бул жерлерде шаарларды, кыштактарды тоноп, элге оор салык салуу менен бирге өздөрү менен кошо түрктөрдүн ак сөөк уругу жана падышалык улуу дөөлөтү аталган ашина түрктөрүнүн урпагы Ашина Сянды марионет каган катары ала келишкен эле.

Ал мезгилде арабдар Мавереннахрдагы көтөрүлүштөрдү негизинен талкалап бүткөн эле. Ошондуктан, Араб Халифаты чыгыштан

каптап келе жаткан Тан империясынын экспансиясына каршы турууну чечти. Анын үстүнө Тараз (азыркы Шымкент) шаарында кытайлардын авангарды менен согушуп жаткан арабдардын азганакай отрядынын башчысы Саид ибн-Хумейд, ошондой эле Чачтын Тан аскерлери тарабынан өлтүрүлгөн башчысынын уулу Хорасандын акими Абу Муслимден жардам сурап, расмий кайрылышкан болучу. Натыйжада Абу Муслим өзүнүн кол алдындагы йемен арабдарынан чыккан таланттуу аскер башчылардын бири, Зияд ибн-Салихтин башчылыгында ири кошуунду Таласка жиберген. Арабдардын армиясынын курамында ислам динине кирген Мавереннагрда, Чачта, айрыкча Ферганада турган түрктөрдүн башында Үтөмбек, Туранташ сыяктуу аскер башчылары бар чакан отряды да кошо келген.

Бул кырдаал Гао Сяньчжини Таласка карай кайрадан аттанууга мажбур кылып, анын 100 миң солдаттан турган армиясы Суябдан Чүй өрөөнүнүн түздүктөрү аркылуу Таласка жөнөп кеткен. Кытай армиясынын курамында Тан империясына вассал болуп эсептелген түрк отряддары, кучалыктар, кашкарлыктар жана азыраак ферганалыктар да болгон. Алардын саны 30 миңдей болгон делинет булактарда.

Ошентип, 751-жылдын июль айында Талас суусунун боюндагы Атлах шаарынын жанында эки зор армиянын тарыхый салгылашуусу болуп өткөн. Булактарга караганда Талас суусунун эки жээгинде эки цивилизациянын кызыкчылыгын көздөгөн эки зор армия бири-бирине даай алышпай 4 күн турушкан делет. Салгылашуунун тагдырын бешинчи күнү кытайлардын тылынан капыстан сокку урган карлуктар чечти. Жети-Суунун түндүк чектеринде жашап жаткан карлук урууларынын башчысы Жабгу кытай баскынчыларына каршы күрөштөрдө азырынча алсыз болуп, ошондуктан алар арабдарга жардам берүүгө кам уруп жатышкан эле. Карлуктар кытайлардын тылында Талас салгылашуусунун башталышына чейин эле жашыруун чоң кошуун топтоп коюшкан болучу.

Кытай аскеринин тылынан сокку урууда чигилдерден чыккан Ябгу өзү баштап согушка кирген. Капыстан урулган соккудан кытай армиясы солк этип, бирок кытай кол башчылары баш командачы генерал Гао Сяньчжи, экинчи генерал Чжан Лао башаламан түшүп кача баштаган солдаттарды карлуктарга каршы кайрадан катарга тургуза алды. Бирок, ошол мезгилде Талас суусунан араб аскерлери өтө баштап, кытайлардын фронт жагынан чабуулга кирди. Гао Сяньчжи өзү да кармашка аралашууга мажбур болгон. Арабдардын ири аскер башчыларынын бири ибн-Саббахты, арабдар тарабында согушкан Туранташты өлтүрүүгө жетишкени менен кытай аскерлеринин тагдыры чечилип калган болучу.

Натыйжада Тан империясынын армиясынын таш-талканы чыгып, алардан 50 миң жоокер каза таап, 20 миңи колго түшкөн. Гао Сяньчжи бир аз гана отряды менен качып кетүүгө үлгүрдү. Кытай армиясынын ири генералдарынын бири Чжан Лао туткунга түшүп, төргөштөрдүн баатыры Байташ Тегин курман болгон. Тарыхый маалыматтарга караганда чачыла качкан кытай жоокерлеринин азыраак гана бөлүгү Ысык-Көл ойдуңунан ары өтүп, Кучага (Аньси) жете алган, көбү тоо-таштын арасында өлгөн делет. Кыргыз элиндеги "кытай, кытай кырылгыр, кырк дөбөгө жыйылгыр" деген тарыхый макал мүмкүн ошол окуяны чагылдырып тургандыр – дейт Кененсариев.

751-жылы болгон Талас салгылашуусунун тарыхый мааниси зор. Анткени, анын натыйжалары Борбордук Азияда жашаган түрк элдеринин кийинки кылымдардагы тагдырында алардын этно-маданий өнүгүүсүнүн багыттарын биротоло аныктап, ислам цивилизациясынын нугуна бура алган. Талас салгылашуусунун тарыхый маанисин бир нече белгилерге бөлсө болот

Биринчиден, салгылашуунун жыйынтыгы Тан (Кытай) империясынын Кыргызстандын аймактарына болгон саясий экспансиясын жана "Күн чыгыш" өлкөсүнүн Борбор-Азиянын ички иштерине кийлигишүүсүн миң жылга чейин токтоткон.

Экинчиден, Араб Халифатынын да аскерий жортуулдары токтоп, ушул окуядан кийинки жылдары түрк элдерин ислам динине киргизүү жараяны негизинен тынчтык-миссионердик жолго багыт алган. Кыргыз элинин "мусулманчылыкты тажиктер менен сарттар (өзбектер) кылычтын мизи менен, ал эми кыргыздар өз макулдугу менен алган" деген ылакап сөздүн кайсыл бир деңгээлде чындыгы бар экендигин кийинки кылымдардагы окуялар ырастап турат.

Үчүнчүдөн, бул окуя бүтүндөй Орто Азия элдеринин кийинки тагдырына Ислам цивилизациясынын андан ары өнүгүшүнө жол ачып берди. Эми, 120-130 жыл мурун калыптана баштаган араб цивилизациясынын өнүгүшү саясий-согуштук мүнөздөн социалдык-маданий жана руханий багытка трансформациялана баштады. Чынында эле Хорасанды, Мавереннагрды, Ферганаprinted жана Чачты каратуу негизинен араб жоокерлери тарабынан шаарларды, айыл-кыштактарды талап-тоноо, жергиликтүү тургундарды кулдукка алуу, каратылган аймактарга чоң суммадагы алык-салыктарды салуу, административдик-аскерий түзүмдөрдү уюштуруу менен коштолсо, эми Кыргызстандын жана Казакстандын аймактары Араб халифатына административдик бирдик катары кирбестен, ислам динине өтүүчү субьект катары гана эсептелип калган. Ошону менен бирге араб цивилизациясынын руханий баалуулуктары жаңы кыртышка сиңип, андан ары

өнүгүүгө багыт алган [2].

Агайдын ушул эле маалыматтары "Талас салгылашуусу жана анын мааниси" деген аталышта толуктоолор менен 2011-жылдын 3-майында тарыхый булактар менен далилдүү салыштырылып эскертүүлөр менен берилген. Мында 104712 окурман окуп чыкканын көрүүгө болот. Тагыраагы автор кайсыл булактардан алгандыгына шилтеме берет: 1 Тан империясынын Батыш аймагы азыркы Синцзянь провинциясынын чөлкөмдөрүн камтып, анын борбору Куча шаары (кытайча Аньди, Ань-дзи) болуп эсептелген; 2 Караңыз: Военная история Китая. www.free-time.ru/razdels/fight/chinhis.html; 3 Караңыз: http://hoi2.ru/forum/99-2589-1#; 4 Караңыз: http://hoi2.ru/forum/99-2589-1#; 5 Осмонов О.Д. История Кыргызстана (С древнейших времен до наших дней): Учебник для вузов..-Б.,2005.-110-б; 6 Булардын башында кара-төргөштөрдүн эр жүрөк баатыры Байташ Тегин турган эле; 751 июль - Битва у реки Таллас. Караңыз: http://hoi2.ru/forum/99-2589-1#; 8 Орто кылымдардагы чоң шаарлардын бири болгон Атлах калаасынын чалдыбары (шаар калдыктары) Талас облусунун Манас районунун чегиндеги Жоон-Төбө деген жерде жайгашкан. Караңыз: Бернштам А.Н. Археологический очерк Северной Киргизии.//Материалы и исследования по истории киргиз и Киргизстана.-Вып 4.-Фрунзе, 1941.-68-б; 9 Таласская битва./ М. Хасан, О. Шаршеналиев, А. Газиев.— Б.: «Шам», 2005; 10 VIII кылымдын орто чендеринде Алтайдан көчүп келишкен булак, чигиль (джекиль) жана ташлык деген уруулар жалпысынан "аралаш уруулар" же карлуктар деп аталып, алар тез аранын ичинде Жети-Суудан, Ысык-Көл ойдуңунан мурунку Төргөш каганатынын таянычы болгон огуз урууларын Сыр-Дарыянын төмөнкү агымдарына карай сүрүп, Теңир-Тоону, Фергана өрөөнүн, Кашкарга чейинки аймактарды ээлеп алган болучу. Алардын башчысы "Ябгу" (покровитель) деп аталган; 11 Таласская битва./ М. Хасан, О. Шаршеналиев, А. Газиев. — Б.: «Шам», 2005; 12 Караңыз: Большаков О.Г. К истории Таласской битвы (751 г.).-Страны и народы Востока.-Вып.22.-Кн.2.-М., 1980.-132-136-бб. Таластагы салгылашууда өлгөн жана колго түшкөн кытай аскерлеринин саны жөнүндөгү жогорку маалыматтар XIII кылымда жашап өткөн араб тарыхчысы Ибн ал-Асирдин "ал-Камил фи-т-тарих" (Полный свод истории) деген китебинде да берилген. Караңыз: http://www.vostlit.info/Texts/rus/Athir/ath1.phtml?id=531; 13 Артыкбаев Ж.О. История Казахстана.-Астана, 2004.-159-б. Ошондой эле караңыз: Таласская битва и ее значение в жизни Центральной Азии. http://new.elim.kz/article/331; 14 Тарыхый булактарда "...ошентип батыш аймактарда, Памир жана Тянь-Шань тоолорунда кытай таасири токтоду" деп жазылат. Караңыз: Военная история Китая.www.free-time.ru/razdels/fight/ chinhis.html. Чынында эле 751-жылдан кийинки

Кыргызстандын тарыхында кытайлар 1000 жылдан ашуун Теңир-Тоого келген эмес; 15 Большаков О.Г. К истории Таласской битвы. «Страны и народы Востока», 1980, вып.22.кн.2; 16 Тарыхта Талас салгылашуусунан кийинки жылдары Мавереннагрдагы жергиликтүү калктардын айрым бир козголоңдорунан башка Сыр-Дарыянын оң жээгинен баштап түндүккө карай созулган аймактарда, ошонун ичинде Кыргызстандын чөлкөмдөрүндө да, араб армиясы менен ири кагылышуулар жөнүндө эч кандай фактылар учурабайт[1].

Демек, окурмандардын сын пикирлеринин негизинде Кыргызстан тарыхындагы 751-жылы болгон Талас же Атлах салгылашуусу деп аталып жүргөн тарыхый окуя кызыгууну туудурган тарыхый маалымат экендиги талашсыз.

Эми жогорудагы тарыхый маалыматтын окурмандар тарабынан кызуу талкууга алынгандыгынан мисал келтирсек: 2014-жылдын 8-июнундагы Кыргызшаа деген окурман Талас салгылашуусу жөнүндөгү маалыматты кыргыз тилинде илгендигиң үчүн рахмат айтып, өзүнүн пикирин калтырган. Албетте, бул салгылаштын тарыхий мааниси өтө зор, Орто Азиянын эле эмес, жалпы эле дүйнөлүк тарыхта чоң бурулуш жасаган окуя экенин моюнга алам. Кытай цивилизациясы менен араб цивилизациясынын дал ушул биздин аймактарда тирешүүсү, жана ошол окуядан кийин кытайлардын батышка, арабдардын чыгышты көздөгөн экспансиясы токтогону- тарыхий чындык. Бирок, ошону менен исламга таянган согуш аракеттери токтогон эмес да. Айрыкча Моголистан империясынын доорунда. Билдирүүңдүн башында «исламдын кыргыздарга таралуусу» деп белгилеп кетипсиң, 751-жылдары кыргыздар бул согушка аралашкан-аралашпаганы белгисиз. Балким ал учурда Орто Азияда эмес, тээ Алтай-Енисей аймактарында жашашкандыр? 711-жылы Барсбек-каган түрк каганатынын аскери менен согушуп Саян тоолорунда өлгөнүн эсепке алалы.

Кыргыздарга исламдын аралаша башташын мен орто кылымдарга, т.а. 15-кылымдан 17-кылымга чейинки убакытка туура көрөт элем. Анда деле жарым-жартылай гана өтүшкөн. Исламдын кыргызга жемиштүү жана ийгиликтүү (тынчтык жолу менен) сиңе башташы негизинен кокондук кожо-шайык ж.б. миссионерлердин аракеттери менен камсыз болгон деп эсептейм – дейт.

Жооп: - Кыргыздардын арасына таралуусу дегенден максат, дал ошол согуштан кийин болгонун эле айткым келген. Ал эми 751-жылы Кыргыздардын кайсыл жерде жашаганы тууралуу так маалыматым жок, бирок Караханийлер убагында Кыргыздардын жашагандыгы анык. Деги эле башка бир темада да жазып кеттим эле, ал жерде балким дата көрсөтүлбөй калгандыр. Селчук мамлекети менен Византия

императорлугунун ортосунда болгон согушта Караханийлерден (ал эми Караханий мамлекетинин 942-1212 жж. жашагандыгын да эстен чыгарбоо керек...) 30 миң Кыргыз жардамга келген жана жеңишти камсыздоодо негизги ролду ойногон. Бул согуштарда дин негизги факторлордун бири болгондугун эске алсак, анда Кыргыз жоокерлеринин мусулман мамлекетке жардамга келүүсүн алардын да мусулман болгондугу менен түшүндүрмө берилсе (ал гана эмес, согушка катышкан Кыргыздар «каапырларды өлтүргүлө» деген урааңды да айтышкан экен, мусулмандар гана «каапыр» (арапчасы «каафир» ) деген терминди колдонушат. ..), тарыхый-илимий чындыкка жакын болоор беле. Бул боюнча Асыкбек Оморовдун «XI кылым. Византия империясындагы согуш. Кыргыз баатырлары» аттуу макаласынан окуй аласың (Көк асаба гезити, 25.05.2010 жана 08.06.2010 сандары). Бул, жогорудагы «кокон хандыгынын кожо-шайыктардан» мурда эле тынчтык жолу менен таралгандыгын тактайт... Ошол Кыргыз жоокерлеринин урматына султан Орхон Гази тарабынан 1331-жылы күмбөз тургузулган. Бул күмбөз азыркыга чейин Туркиянын Изник шаарына жакын жерде сакталып калган. Демек, Кыргыздардын жок эле дегенде 9-кылымда мусулман болгондугун айтууга толук негиз бар. Бул жогоруда сен айтып өткөн 15-17 кылымдарда аралаша баштаган деген гипотезаны жокко чыгарат (бул гипотезанын аргументтерин да айта кетсең жакшы болоор эле).

Ошондо эле 2020-жылдын 25-декабрында Бишкек шаарынын белгисиз тургуну эркек киши: Талас тууралуу. “Талас салгылашуусу” деген ат менен дагы бир салгылашуу тарыхт белгилүү. Бул беттеш б.з.ч. 36-жылда болгон. Баягы эле жаны тынбаган кытайлар бул ирет 40 миң аскери менен хунну шанүйү Чжичжинин 3000 аскерин талкалаптыр. Саны жагынан 13 эсе (!) көптүк кылган аскерге каршы чыккан хуннулардын эрдиги таң калдырат – деген маалыма калтырган.

“Тарыхты өзгөрткөн Талас салгылашуусу” деген аталышта Дастан Разак уулунун дагы макаласына токтосок: Адамзат тарыхында көптөгөн согуштар болуп өткөн. Бирок айрым согуштар бүтүндөй тарыхты өзгөртүп салган. Алардын бири 751-жылдын июль айында кытайлар менен арабдар ортосундагы болуп өткөн Талас же болбосо биздин тарыхый китептерде айтылган Атлах салгылашуусу.

Бул согуштун жыйынтыгы Борбор Азия тарыхында чоң бурулуш жасаган. Анткени арабдар Борбор Азияны каратып алуулары дээрлик 100 жылга жакын созулуп, Улуу Кытай дубалына чейинки аралыкты басып алуу планы бар болчу. Бирок Борбор Азиядагы түрк элдерине таандык болгон майда шаарлар, мамлекеттер, княздыктар, бектиктер жана аймактык хандыктар арабдардын колун чыгышка кетирбей майтарып турган.

Арабдардын кандуу экспанциясы, максатынан тайган жортуулдары түрк элдерин ого бетер каршылык көргөзүүгө аргасыз кылган. Араб Халифаттыгына Омаяддар династиясы бийликке келгенде алгачкы жылдардагыдай болуп ислам динин жайбастан, тоноочулук, байлык, бийлик, басып алуу саясатына өтүшкөн эле. Ал гана турсун арабдар өздөрүнүн ичинде да уруучулук касташуу жахилият (исламга чейинки сабатсыз мезгил) доорундагыдай болуп баштаган.

Ал эми басып алган фарс, иран, түрк элдерине экинчи сорттогу мамиле жасашкан. Арабдардын чыгыш чек арасын кеңейтүүгө болгон планын 700-жылдардын башында азыркы Кыргызстандын түндүгү, Казакстандын түштүгүндө курулган Түргөш кагандыгы бузган. Чыгышта болсо илгертен Кытай күчтүү жоо эле.

Арабдар Ферганаңы 712-715-жылдары басып алганда жергиликтүү түрк башкаруучулар Чыгыш Түркстандагы Кытай губернаторлоруна баш калкалап, жардам сурап качышкан. Ошентип Борбор Азия омейяддар (арабдар) менен Тан империясынын (кытайлар) геосаясий тирешүүсүнө айланган аймак болуп калган.

740-жылдары Түргөш кагандыгынын алсырап калгандыгына байланыштуу жана арабдардын улам чыгышка карай жылуусунан 747-48-жылдары Куча провинциясынын (Чыгыш Түркстан) губернатору Гао Сяньчжи Кытай армиясына кол башчылык кылуу менен Борбор Азияга басып кирет. Анын армиясында көп сандаган түрк тилдүү элдер да болгон. Ысык-Көл, Чүй, Таласты кыйратып-талкалап караткан кытайлар Ташкент башкаруучусу Багатур Тудунду (Мохэдун) өлтүрүшү түрктөрдүн арабдарга кайрылуусуна мажбур кылган. Бул учурда арабдардын омейяд династиясы абасиддер тарабынан сүрүлүп чыгарылып, араб халифаттыгында бийлик алмашкан эле.

Ошентип Абасиддер бийликке келгенине бир жыл болбой жатып чоң душман менен каршылашуу алдыда турган. Арабдар кытайларга каршы Хорасан губернатору Абу Муслим жана йемендик кол башчы Зияд ибн Саликти жөнөткөн. Эки чоң армия 751-жылы июль айында азыркы Талас облусу менен Казакстандын Тараз шаарына жакын чек арада, ошол учурдагы Атлах шаарынын жанындагы Талас дарыясынын боюнда бет келишет.

Эки ири армия бири-бирине даап чабул койо алышпай бир канча күн турушат. Кытай армиясынын катарындагы карлуктар же болбосо түрк тилдүү элдер Кытайлардын арка тарабынан чабуулга өтүп, арабдардын да алды тарабынан сокку урусуна шарт түзүшкөн. Ошентип 70 миңдик Кытай армиясынын көпчүлүгү өлүп, 20 миңи арабдарга колго түшүп, аз гана санда качууга үлгүрүшкөн.

Бирок бул согуш тууралуу ислам тарыхчылары: Ибн Тайфур, Аль-Макдиси, Ибн Аль Асир, ат-Табари, Йакуби, Белазурилер аз гана сүйлөм менен эскеришкен. Ошентсе да бул согуштун тарыхты өзгөрткөн бир нече себептери бар эле. Алар төмөндөгүдөй:

1. Арабдардын Омейяддар династиясы бийликте турганда жаңылыш саясатынан улам көп жылдар бою арабдар менен түрк элдери бири-бирине душман болуп келген. Талас согушу эки душман элди бириктирип, достоштурган жана чөлкөмдө тынчтык орногон. Түрк элдери да Араб халифаттыгына кызматтарга алынып, түрктөрдүн ислам динин кабыл алуусун тездеткен. Ошентип бул согуш Борбор Азия элдеринин исламга кирүүсүнө өбөлгө болгон. Эгер согушта кытайлар жеңип алганда, анда Борбор Азия калкы балким, будда динине киришмек.
2. Кытайлар көп жылдар боюу Борбор Азияны, түрк элдеринин конуштарын басып алуу саясатын жүргүзүп келген. Кытайлардын Талас согушундагы жеңилүүсү Борбор Азияга болгон сапарын миң жылга кечеңдеткен. Бул согуштан кийин Кытайлар Борбор Азияга 1758-жылы гана келишкен.
3. Бул согуш менен бир гана кытайлар эмес, арабдар да Борбор Азиядагы каратып алуу саясатын токтоткон. Мурда каратылып алынган айрым жерлер түрктөргө өткөрүлүп берилген. Натыйжада жыгылган Түргөш кагандыгынын ордуна Карлуктар мамлекети курулган. Бул мамлекет өзү каалаган динде, ишенитче калган. Исламды кабыл алдыруу мурдагыдай күч-зодук менен болбой, үйрөтүү, үлгү болуу жолу менен жүргөн.
4. Талас согушунун бир гана саясий жактан эмес, маданий жактан да чоң мааниси бар. Анткени бул мезгилге чейин бир гана Кытайда кездеме жана кара куурайдан кагаз чыгарылган. Ал эми башка өлкөлөр кагаз үчүн папирусту колдонушкан. Аны өндүрүү кымбат жана зыяндуу эле. Арабдардын колуна түшкөн кытайлар мусулмандарга биринчи жолу арзан кагазды өндүрүүнү үйрөтүшүп, ал биринчи жолу Самарканд шаарында өндүрүлгөн. Мындан кийин Европа жана башка өлкөлөр мусулмандардан кагазды жасоону үйрөнүшкөн. Арзан кагаздын көп өндүрүлүп чыгышы менен мусулман дүйнөсүндө көп китеп жазылып, илим-билим дүркүрөп өнүгүп-өскөн [4].

Демек, бул маалыматтарды автор ар кандай булактардан чогултуп, даярдаган. Бирок, кайсыл тарыхый булактардан алынгандыгы жөнүндө конкреттүү шилтемелер берилген эмес. Мындан улам бардыгына жетиштүү болгон интернет булактарындагы маалыматтарды окууга,

талкууга алса болоорун унутпоо менен айрыкча тарыхый материалдар конкретүү шилтемелер менен берилсе, окурмандар бир эле мезгилде тарыхый булактар жана тарыхнааме менен дагы кабардар болоор эле. Биз анализ жасаган орто кылымдардагы Борбордук Азиянын тарыхында чоң бурулуш жасаган "Атлах салгылашуусу" тарыхчы Ташманбет Кененсариевдин "Талас салгылашуусу жана анын мааниси" деген аталыштагы илимий макаласы жалпы окурмандардын жүрөгүнөн орун тапкандыгы интернет булактары аркылуу ырасталууда.

**Колдонулган адабияттар:**

1. https://ky.wikipedia.org
2. Кененсариев Т. Талас салгылашуусу жана анын мааниси. https://kghistory.akipress.org.
3. Кененсариев Т. Баракелде – Мурас. https://muras.turmush.kg.
4. https://kyrgyz.news/?p=7229.